***Турусбекова Анаркан Эмиловна,***
***педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,***
***И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

***Сейдекулова Кулсун Сейдекуловна,***
***педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,***
***И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары***

# БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛООДО АР КАНДАЙ ЖАГДАЙЛАРДЫ ПАЙДАЛАНА БИЛҮҮ

***Турусбекова Анаркан Эмиловна,***
***кандидат педагогических наук, доцент,***
***Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

***Сейдекулова Кулсун Сейдекуловна,***
***кандидат педагогических наук, доцент,***
***Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек***

# УМЕНИЕ ИСПОЛЬЗОВАТЬ РАЗЛИЧНЫЕ ОБСТОЯТЕЛЬСТВА В ВОСПИТАНИИ ДЕТЕЙ

***Turusbekova Anarkan Emilovna,***
***Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor,***
***Kyrgyz State University named after I. Arabaev,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

***Seidekulova Kulsun Seidekulovna,***
***Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor,***
***Kyrgyz State University named after I. Arabaev,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city***

# THE ABILITY TO USE VARIOUS CIRCUMSTANCES IN RAISING CHILDREN

***Аннотация:*** *Макалада баланы тарбиялоо үчүн ар кандай таасир берүүчү жагдайларды туура пайдалана билүү керектиги боюнча ойлор берилген. Интерактивдүү ыкма менен өтүлгөн тарбиялык саатта акыл-насаат сөздөрдүн ээлеген орду кандай экендигин көрсөткөн усулдук мастер класстын үлгүсү кыскача берилди. Ошондой эле макалада окуучуларда этикалык компитенцияны калыптандырууда оң маанайдагы мотивацияны*

*өстүрүүнүн ыкмалары каралып, мугалимдерге ар кандай жагдайларда тарбиялоо максаттарды ишке ашыруу боюнча усулдук маселелерди чечүүнүн жолу көрсөтүлөт.*

***Аннотация**: В статье представлены идеи о том, как правильно использовать различные факторы влияния для воспитания ребенка. В ходе интерактивного образовательного часа был представлен пример методического мастер-класса, демонстрирующего роль советов. В статье также рассматриваются методы формирования положительной мотивации у учащихся при формировании этической компетентности, а также показаны способы решения методических задач при реализации образовательных целей в различных ситуациях.*

***Annotation**: The article presents ideas on how to correctly use various factors of influence to raise a child. During the interactive educational hour, an example of a methodological master class was presented, demonstrating the role of advice. The article also discusses methods for forming positive motivation in students when developing ethical competence, and shows teachers ways to solve methodological problems when implementing educational goals in various situations.*

***Түйүндүү сөздөр:** тарбия, ыйман, маданият, жарлык, акыл насаат, сөздүн таасири, тажрыйба.*

***Ключевые слова:** воспитание, нравственность, культура, указ, наследие, сила слова, эксперимент.*

***Key words**: upbringing, Faith, culture, etiquette, advice, influence, of the word, experience.*

**Киришүү.** Ааламдашуу доорунда ар бир улут өз көрөнгөсүнөн чыккан улуу баалуулуктарды сактап калууга жасалган аракеттерин – улуттун келечеги үчүн кам көрүү деп эсептесек болот.

«Инсандын руханий байлыгы – адамзат үчүн эң чоң баалуулук. Ал адамзат коомунун бүткүл жашоосунда чечүүчү ролду ойной алат жана ойношу керек. Адеп-ахлак сыяктуу эле, руханий байлык да туруктуу эмес. Бүгүнкү күндө ар бир улут өз тарыхын жана маданиятын изилдөөгө болгон мамилесин кайра карап чыгууда» [9].

Санариптик трансформация шартында билим берүү жана тарбиялоо процессине өзгөчө көңүл буруу зарылчылыгы келип чыгууда. Ар дайым ар кандай маселелерге мамлекеттик деңгээлде көңүл бурулган мезгилде гана ал системалуу, максаттуу ишке ашары белгилүү. Кийинки мезгилде эл көптөн күткөн, анын ичинен өзгөчө балдарга билим берүү жана тарбиялоодогу инсандын руханий жактан өнүгүүсүнө өзгөчө көңүл бурулууда.

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров «Инсандын руханий-адеп ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» – Жарлыгы эң маанилүү, актуалдуулугун жоготпогон, мезгилдин талабына жооп берген документ болуп саналат.

Жарлыкта кандай иш-чараларды ишке ашыруу маселелерине көңүл бурулгандыгын карап көрөлүчү: (үзүндү алынды).

Маданият, билим берүү, илим жана спорт мамлекеттик органдары:

- билим берүү системасында тарбия берүүнүн улуттук маданий, руханий-адеп-ахлактык жана үй-бүлөлүк баалуулуктарга ылайык келүүсүн; жарандарды жана биринчи кезекте балдарды, анын ичинде турмуштук оор кырдаалдагы балдарды дене-бою жагынан, психикалык, социалдык, руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылсын;
- билим берүүнүн окуу стандарттарын кайра карап чыксын жана окуучуларды жана окуу жайларынын студенттерине этика, эстетика жана дене тарбиясы боюнча предметтерди киргизсин;
- балдарда жана жаштарда бүтүн дүйнө таанууну жана заманбап илимий көз карашты, эмгекке шыктанууну, активдүү жашоо жана кесиптик позицияны, табиятка этият мамиле кылууну калыптандырсын;

Биз жогорудагы Жарлыкта көрсөтүлгөн багыттарды ишке ашырууда жаштарды этика, эстетикага тарбиялоо менен Батыш эли жоготуп койгон, элибизде сакталган улуу баалуулуктарды сактап кала алабыз [1].

«Азыркы глобалдашуу доорунда окуучулар, жалпы эле жаштар түркүн маалыматтардын каптоосуна туш болуп, ал маалыматтын ичиндеги оң да, терс да таасирлерден башы маң болуп, интернет, компьютер, кол телефонуна көзкаранды болуп турган учуру. Боевик, терминатор, бандит, зордук-зомбулук, террорчулук, наркомания, бангилик, сойкулук ж.б жөнүндө маалыматтар ар тараптан агылып келүүдө. Эптеп акча тапкан, кызматка, бийик даражага жеткен шылуундар, эки жүздүүлөр, демогогдор жана зөөкүрлөр жаштар үчүн идеал болуп, чыгып келүүдө. «Бул абал жаштарыбызга түз жана кыйыр түрдө таасир кылып, алардын аң-сезимин, жан-дүйнөсүн булгап, турмуштук баалуулуктарын жана багыттарын өзгөртүүдө» – деп Г.М. Мадаминов агай белгилегендей адептүүлүккө жаштарды тарбиялоо эң чоң мааниге ээ болуп саналат [10, с. 13]. Элибизде балага тарбия берүүдө ар кандай жагдайдагы ыкмаларды пайдаланып келишкен, өзгөчө акыл-насаат, уламыштар, маанилүү сөздөргө маани берилип келген. Анда эмесе тарбиялоону ушул өңүттө карап көрөлүчү.

Бул макала мугалимдерге тарбиялык сабак өтүүдө жардам катары сунушталат.

**Изилдөөнүн максаты:** Бүгүнкү замандын талабына ылайык өспүрүмдөргө тарбия берүүдө ар кандай жагдайларды туура пайдалана билүү, сөз каражаты аркылуу акыл-насаатарды пайдалануу менен тарбиялоого туура багыт берүү.

**Изилдөөнүн методдору**. Коюлган теманын алкагында балдарга ар кандай жагдайларды пайдалануу менен тарбия берүүдө сабак аркылуу изилдөө, талдоо, анализдөө, салыштыруу.

**Негизги мазмуну.** Ой бөлүшүү. Семинар-тренинг. Тренердин сөзү:

Адам баласынын жашоосунда кезигүүчү көптөгөн рахаттануулар бар, ошолордун бири кесиптештер менен кызыктуу темада баарлашуу ырахаты болуп саналат, демек бизге ошондой мүмкүнчүлүк түзүлүп жатат.

Мугалимге тиешелүү, ар дайым ар бир мугалим өз ишинде пайдаланып жүрчү жана балдарга тарбиясында керек болгон сапаттар бар. Мен азыр притча айтып берем, сиздер кандай сапат жөнүндө сөз болуп жаткандыгын табыңыздар.

1. Ар бир маселенин чечилишин бийиктиктен кароо;

1-притча. Бир акылман чоң үй сатып алып тарбиялоо жайына айландыргысы келет. Төрт жардамчысын чакырып, «Мен жакшы үй алышым керек жардам бергиле» деп ар бирине тапшырма берип үйдүн абалын билип келүүгө жөнөтөт. Жай чоң болгондук төртөөнү төрт тарабына жиберет.

Түндүк жагын карап келүүгө кеткен жардамчы келип: «Мени үйдүн түндүгүн карап келдим бак-дарактар өсүп турат, суу агат экен, андан башка эч кызыктуу эч нерсе көрө алган жокмун» – дейт.

Экинчиси «Мен барган жакта ар кандай өсүмдүктөр өсөт экен, помидор, пияз, дарбыз, коон ж.б. башка эч нерсе көрө алган жокмун, көлөкөлөгөнгө бир да бак жок» – дейт.

Үчүнчүсү мындай дейт: «Мен көргөн жерде жалаң жемиштер өсөт экен, башка эч нерсе жок» – дейт.

«Мен үйдүн бет маңдайынан көрдүм. Чоң дарбаза бар экен. Отургучтар, ар кандай жашыл чөптөр, гүлдөр, кооз дарактар өсүп турганын көрдүм» – дейт. Төртөө тең чоң имараттын көргөн бир жагын айтып келишти.

Акылман жардамчыларынын үйдү көп жактырбагандыгын байкайт. Анан аларга суроо берет: «Эгер силер ар биринер айтканды бириктирип туруп, ошол үйдү бийиктиктен карап көргүлөчү, кандай үйдү көрүп жатасынар» – дейт. Баары элестетип, айткандарын бириктирип, бир ооздон бул эң сонун үй экен дешет.

Суроо: Биз бул притча менен өзүбүздө кандай жакшы сапатты алсак болот?

Жыйынтык, адамды ар тараптуу карап баалоого үйрөнүшүбүз керек. Бир тараптуу карап жаман же жакшы деп жыйынтык чыгарбашыбыз керек.

I-бөлүм.

Семинардын «Балдарды тарбиялоодо ар кандай жагдайларды пайдалана билүү» – деген темасын ишке ашыруу максатында 3 негизги түшүнүккө токтолуп өтөлү:

1. Адеп

2. Акыл-насаат

3. Сөз

1. Адеп, Ыйман, Маданият – түшүнүктөрү адеп сабагындагы бири бирин толуктап турган негизги түшүнүктөрдүн бири.

**Адеп** – жашоонун негизиндеги улуулук сыпааттардын өзөгүн кармап, туура жашоо. Адеп адамдын өзөгүндө, акыл тереңинде болот. Адеп адамдын дээринде, адеп адамдын тереңинде, адеп адамдын жашоосунда.

**Ыйман** – адамдын аброюн баалоо, сактоо; улууну сыйлоо, урматтоо; улуулукту таанып жашоо (Кудайдын жолундагы мыйзамдын негизинде жашоо).

**Маданият** – бул жан дүйнөнүн бийиктиги.

Маданият бул адеп менен ыймандын айкалышы. Маданиятта ыйман да бар, адеп да бар, бирок негиздүүсү адеп.

2. Акыл-насаатты ар бир сабакта айтуу бул өзөктүү талаптардын бири. Илгерки ата-бабаларыбыз мамилени, пейилди, эл-жерди, насаатты, урмат-сыйды бийик туткан, жашоонун тереңин байкаган. Бирок ошол акылды окуучунун жан дүйнөсүнө кантип жеткиребиз, бул эң чоң көйгөй. Биз акыл-насааты окуучуга жеткирерден мурун өзүбүздү өзгөртүүбүз, өзүбүздөн башташыбыз керек.

Адамдын дүйнө таанымында анын акыл дүйнө, жан дүйнө, сезим дүйнө болуп бөлүнөт. Булар адам менен карым-катнаш болууда алдыңкы орунду ээлейт. Акыл дүйнө – жашоо кыймылы, дүйнө таанымы, жашоонун негизи, жашоонун маңызы, кубаттуу алкак жана алган билими адамды коргойт.

Ал эми адамдын жан дүйнөсү – беш катмардан турат. Ал дил, дит, ниет, пейил жана мамиле. Ар бир катмар бир-бирине таасир этүү менен жан дүйнөнүн кандай абалда тургандыгын аныктап турат.

Сезим дүйнө – баалоо, сулуулоо, даңазалоо, туюу, эргүү, күч, кубат, даамдоо, жыттоо, угуу кирет. Биз акыл-насааты окуучуга жеткирерден мурун өзүбүздү анын таасирдүүлүгүн, баалуулугун түшүнүшүбүз керек. Адамга канат байланткан сезим болот. Каалоо төмөндөсө кубат кетет. Иш жөндөмдүүлүгү төмөндөйт. Ошондуктан көңүлүн оорутпай сезимди көтөрүү керек.

Сиз акыл-насаатты балдарга жеткирүүдө ошол акылды акылыңыз менен өлчөңүз, анан жүрөгүнүзгө салыңыз, жүрөк менен сезиңиз, андан кийин аны сезим дүйнөңүз менен кооздоп балдарга бериңиз, баарын өзүңүз аркылуу өткөрүңүз, ошондо сиз айткан насаат балага жетет. Айтылган сөз ишеним менен айтканда гана ал балага жугат, анын жан дүйнөсүнөн орун алат.

Балдарга акыл-насаатты жеткирүүдөгү сөздүн маанисине көңүл буруп көрөлү.

Адамды тарбиялоо кылымдык иш, алдыга койгон максаттарды ишке ашырууда, жеткирүүдө баланын жүрөгүнөн орун алган маани-маңыздуу сөздү жеткире бере билүү менен тарбиялайбыз.

Сөз өтө чоң күчкө ээ. Комплимент айтып көрөйүнчү. Менде жана уккан адамда кандай маанай болду? Мен мындай маанайды сатып алган жокмун жана кыйналган жокмун. Анда эмнеге жакшы сөзгө сараңбыз? Жашоонун өзү бумеранг мыйзамынан кайтпайт, жакшы сөз, жаман сөз бардык жасаган нерсе өзүңө кайтып келет, анткени анын автору өзүңсүң ал сенин чыгармачылыгың деген түшүнүктү тарбиялануучуга жеткирүү керек. Адам сөздү тааныйбы, таанызбайбы, түшүнөбү, түшүнбөйбү баардык учурда сөзүнүн күчүн бербей койбойт. Сөз таанызбаган адам үчүн жөн эле айтылган сөз анын жашоосуна өзүнүн таасирин бербей койбойт. Сөз тааныган адам үчүн, сөздүн жана ойдун таасири жашоосунда чоң орунду элейт. Сөздү тааныган адам жашоодон сабакты көбүрөөк алат, себеби ал сөзгө маани берип угат. Айтылган сөздө жаткан акылды уга билет. Сөз таанызбаган адам көп учурда акылды кармабай калат. Буга мисал жашоодо өтө көп.

«Жакшы сөз жан ээритет» – деген сөз бар. Психология илими эң жаш илим, бирок кээде ар кандай жаңылыктарды айтып таң калтырат. Жакшы сөздүн адамга гана эмес өсүмдүккө тийгизген таасиринен мисал келтирип көрөлүчү. АКШда жашаган кызматкер Клива Бакстер өсүмдүктү өстүрөрдөн мурун ага жакшы сөз айткан. Эң жакшы

жыйынтыкка жетип, анын ошол бөлмөнүн башка жагында турган өсүмдүккө караганда тез, кооз өскөнүн байкаган. Муну кийин Санкт-Петербургда Татьяна Иванова мандарин өстүрүү менен кайталаган. Дүйнө элине Япондор сууну эксперимет жасап, жакшы сөз, жаман сөз айтканда суунун молекулаларынын кантип өзгөрүүсүн илимий жактан аныктап чыгышкан. Дагы бир мисалды карап көрөлү, Япондор адамдардын узак жашоосу боюнча дүйнөдө алдыга кетип 100 ашкандардын саны 50 000 жетти, окумуштуулар бул 15 жылда миллиардка жетерин айтышты. Негизги себептерин изилдешип жеген тамак-аш, жаратылыш климаты эмес адам факторуна байланыштуу экендигин белгилешет. Япондор эч убакта жолукканда жаман сөз айтып жүрөктөрүн орутпай тургандыгын, узак жашоо айтылган жакшы маанайдагы сөзгө байланыштуу деп эсептешет.

Сөздү тааныш үчүн адамга билим керек, туюм керек, акыл керек, себеп керек. Сөз ичинен акыйкат сөздү айтыш үчүн адам өтө бийик, терең болуш керек экен. Акыйкат сөз деген эмне, бул улуу сөздүн берилиши ал мурас сөз. Кылымдап жашап келе жаткан өзүнүн кубатын, актуалдуулугун жоготпогон сөздөр абдан көп.

«Түмөн сөздүн мааниси бир сөздө» – деп ойчул Ж. Баласагын айткандай мурасталган маанилүү сөздөргө байбыз.

Макал-лакаптар, ырлар, эпостор, жомоктор биз үчүн тарбиялоодо пайдалануучу сөздүн соолубас булагы.

Каймана маани айтылган: Кичинекей күчүктү үрүп жатканда камчы менен катуу чаап жибергенде, келин күчүгүнө «Болду жөн бол, байкеси инисин ошентип тарбиялап коет» – деген тамашалуу сөздүн маанисин талкуулоо.

II-бөлүм.

– Топто иштөө «Карточка аркылуу баарлашуу семинары» – деген ыкма төмөндөгүчө өткөрүлөт.

1. Ар бир катышуучуга үчтөн кагаздын кыркылган кесиндиси (полоска) таркатылып берилет;

2. Катышуучулар №1 деп кыркылган бир кагазды белгилешет;

3. Тренер суроону окуйт, 1-номердеги кагазга жоопторун гана жазышат, суроо жазылбайт, жөн гана угуп жазышат;

Берилүүчү суроолор: (карточкага жазуу үчүн).

- Балдарды улуу муундардын мурастарына тарбиялоодо кандай тажрыйбаларга таянсак болот? (Ата-бабалар тарбиясынан, башка элдердердин тажрыйбасынан, заманбап ыкмалардан эмнелерди алсак болот?).
- Акыркы 10 жыл ичинде балдарды тарбиялоо боюнча кандай өкүнүүлөр же жоготууларга учурадык?
- Акыркы 10 жыл ичинде балдарды адептүүлүккө тарбиялоо боюнча кандай жакшы нерселерге ээ болдук?

4. Катышуучулар № 2, 3 деп кыркылган кагаздарга номерлерди белгилешет, жогорку иш аракеттер кайталанат.

5. Карточкадагы жооптор коюлган номерлер боюнча топтоштурулат.

6. Катышуучулар үч топко бөлүнүшөт.

7. Жазылган жоопторду пайдаланып долбоор түзүшөт. Өз ойлорун кошот.

8. Долбоорду жакташат. Суроо-жооп менен жыйынтыкталат.

Сабакты жыйынтыктоо менен тренер:

«Кыргыздын кыргыз экендигин эмне даңазалап турат» – деген суроону берет?

Оозеки түрүндө ар ким оюн айтат. Чындап эле улуу эл экенибизди, силер айткан көп ойлордун ичинен Кыргыздын кыргыз экендигин даңазалап турган – оозеки көркөм сөз өнөрү, материалдык маданияты жана калпагы жөнүндөгү айткан ойлорду эске алып, бүгүнкү сабакты калпак жөнүндө уламыш менен жыйынтыктайбыз.

Кыргызда калпак кандайча пайда болгон?

Илгери кыргызда Эрбол деген аксакалдын Алиман аттуу байбичесинин жети уулу болот. Жоокер заманында бөтөн эл кыргыз жерлерине кол салып турган маалда душмандар кыргыз айылын каптап кирет. Кечки маал балдардын атасы – Эрбол душмандын колунан каза болот. Андан көп узабай кичүү уулу Шерболдун сөөгүн алып келишет. Алты баланын бирөө энесинин

этегине келип чөгөлөй калып: «Кагылайын апа, кечир мени, Шерболду өзүм чаап алдым, караңгыда душман экен деп жаңылып чаап алдым» – деп ыйлайт. Айласы кеткен Алиман апа: «Атасын жат өлтүрсө баласын өз өлтүрсө, чогулткан балдарым кырылып бүтөт турбайбы» – деп кайгырып бутунун астында төшөлүп жаткан, өзү жаңы жасаган ак кийизди алып, бычак менен тилип туруп, балдарынын баштарына бекем ороп берген экен. Бири-бириңерди билип, караңгы болсо да таанып жаңылышпай чабышкыла деп жөнөтөт.

Ошондон кийинки кагылыштан алты бала аман эсен келет. Уулдары апасына алкыш айтып, шырылган ак кийиз бири бирин тааныганга эле эмес, бир туугандардын бириге калып душманды талкалаганга жардам бергенин айтышат.

Аларды көргөн башка кыргыз энелер, келиндер уулдарына, ага-инилерине ак кийизден баш кийим ороп беришет. Бара-бара уз-чеберлер калпакты көркүн чыгара шөкөттөп алышкан.

«Ак калпак кийгенди кыргыз» – деп бил деген сөз ошондон калган экен. Бул уламышты санжырачы Сыргак Сооронкулов айтып берген.

Ар бир адам бир-бирине окшобогон өзүнчө дүйнө.

Сабакта колдонулган ыкма кээ бирөөнүн жан дүйнөсүнөн орун алса, кээ бирин жөн гана кайып өтүшү мүмкүн. Ал эми биз ар дайым изденүү менен «алтын ортосун» табабыз деп ойлойм. Ал үчүн тынымсыз изденүү керек. Бул макала ошол изденүүдөн бир үзүмү катары кабыл алыныз.

**Корутунду.** Балдарды ар тараптуу тарбиялоо түбөлүктүү тема. Балдарды тарбиялоодо ар кандай жагдайларды пайдалана билүү керек. Бала кабыл алуусу, абалы, таасирленүүсү – ар түрдүү. Мезгил талабына ылайык мугалимдер тарбиялоо ишинде ар кандай ыкмаларды колдонулуп келет. Көптөгөн изилдөөчүлөр мугалимдерге жардам катары өз тажрыйбаларынан бөлүшүп макалаларды жарыялап жатышат. Биздин бүгүнкү сунуш кылган макалабызда да балдарды тарбиялоодо ар кандай жагдайларды пайдалана билүү боюнча, сабактын шилтемеси боюнча ой бөлүштүк. Сабакты практика жүзүндө колдонууда, кандайдыр бир деңгээлде балдарга таасири тийип, таалим-тарбия алса, анда эмгек текке кеткен жок дейбиз. Талап гана кылбастан мугалимге ар тараптан жардам берүү биздин парзыбыз деп эсептейбиз.

***Адабияттар:***

1. Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепцияны бекитүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы. – 2021-жылдын 24-июлу ПЖ № 313. «Кут билим» 2021-ж.июль.
2. Абдыраманов Ш. Тарыхтагы ак тактар: илимий-публицистикалык жыйнак [Текст] / Ш. Абдыраманов. – Б., 2007. – 185-187-бб.
3. Байгазиев, С.О. Ыйман сабагы [Текст]: мугалимдер үчүн методикалык колдонмо / С.О. Байгазиев. – Бишкек, 2002. – 71 б.
4. Муратов, А.Ж. Аталар сөзү – акылдын көзү. Адеп аңгемелери [Текст] / А.Ж. Муратов. – Бишкек, 2008. – 185 – 187-бб.
5. Иптаров С., Жарашева Г. ж.б. Адеп (Үй-бүлө). 9-кл. үчүн сынак окуу китеби. – Б., 2009.
6. Назаралиева Ш. Адеп (Эл таануу). 10-кл. үчүн сынак окуу куралы – Б., 2009.
7. Байгазиев С.О. Адеп (Маданият таануу). 11-кл. үчүн сынак окуу китеби. – Б., 2009.
8. Калманбетов М., Бекбердиева К. Ыйман сабагы. 1-11-кл. үчүн усулдук колдонмо. – Б., 2003.
9. Мэлисбек Нурия. Улуттук салттын негизинде үй-бүлөдө өспүрүмдүн жүрүм-турум моделин калыптандыруу // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2023. – №2 (60). – С. 50-56.
10. Мадаминов Г.М. Инсан таануу сабагынын таалим-тарбиялык мааниси // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2015. – №3 (35). – С. 13-18.

***Рецензиялаган:***
***Муратов А.Ж.,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***